байланыштуу Кытай мамлекетинин жетекчилерине көңүл айтуу телеграммасын жиберди.

Агат сенсиз шаркырап агын суулар,
Агат сенсиз аркырап сан миң жылдар.
Бир өттүңбү дүйнөдөн, кай күч сени,
Кай акылман тирилтет, кай теңири?!

(Тао Юань-Мин. 1У кылымдагы Кытай акыны)

каршы, бул маанилүү иште кашаңдык байкалат. Сарай айыл өкмөтүндө сөз кайрадан техниканы жазга даярдоо тууралуу жүрдү. Механизаторлор, адистер, жетекчилер өздөрүнүн көйгөйлөрүн, маселен, запастык тетиктердин жетишсиздигин айтышты.

"Ак-май" акционердик коому-бүт тармактын бирден бир ишканасы. А.Муралиев бул жерде өндүрүштү тезинен калыбына келтирүүнү талап кылды. "Ак-Алтын" акционердик коомунда облустун жетекчиси жумушчулар менен баарлашты. Ишкана туруктуу иштеп, пайда табууда, өндүрүштү кеңейтип, жаңы жумушчу орундарды түзүп, материалдык-техникалык базасын чыңдап жатат. А.Муралиев ошондой эле "Карасууайылчарбатехника" акционердик коомунда болуп, техниканын ремонту кызуу жүрүп жатканына күбө өттү.

Облустун губернатору ошондой эле райондук борбордук ооруканаsuccessfully жана райондук балдар ооруканасын көрүп, жагдайлары менен таанышты. Мында курулуп бүтпөй турган имараттар бар. А.Муралиевди Кара-Суу районунун биринчи жетекчилери коштоп жүрдү.

**Ош облустук мамлекеттик администрация сынын башчысы—губернатордун басма сөз катчысынын маалыматынан.**

*Кырдаал*

# ЫШКЫРЫКТЫ ЧАЛЫП КОЮП, ҮЧ СОМ ПУЛУН АЛЫП КОЮП...

Көк форма, ала таякчан "азаматты" көчөдөн күндө көрүп, чындыгында, маани бербестен көңүл кош карап өтүп кетебиз. Бар балээнин башы ошол ала таяк көтөргөн пенделерде экенин айдоочуларчалык эч ким биле бербес.

МАИчинин "сыйкырлуу" таягын көтөрүп коюшунун өзү эле бери дегенде-15, ары кеткенде -100 сомго чейин чаап барарын ушундай жорукка жумуккандар сайрап жүрүшөт. Демек, калк айтса, калп айтпайт эмеспи. МАИ кызматкерлеринин мындай "сыйына" көбүнчө айыл-ападан адашып машине айдап жолго чыккандар чалдыгат. Алар (элеттиктер) ийилчээк келишет эмеспи, акелеп-жакелеп атып 15-20 сом колуна карматып кутулат. Ошол эле—учурда капкара "Мерседес" минип светофорду көзүнө илбей өйдө-төмөн чапкылагандарды МАИчилер көрсө да көрмөксөн. Эмне коркушабы? Чамасы, андайлар кимге таандык экендигин билишет өңдөнөт.

Баса, көпчүлүктүн айтымына караганда, ар кандай машинага маркасына жараша "ставкасы" бар имиш. Бу жагынан жүргүнчү ташыган автобустардын шоопурлары шорподой кайнап атыптыр. Алар кечке тапканынын бир бөлүгүн МАИчилердин алкымына тыгып турбаса, экинчи сапарга чыгалбай кыйналышат. Муну кантип танабыз? Ишенбесеңиз МАИ кызматкерлери турган бурчектерден алысыраак болуп аңдысаңыз, өз көзүңүз менен көрөсүз.

Ош облустук ички иштер башкармасынын начальниги Аалыбай Кайыпов "КАБАР" агентствосунун Ош бөлүмү өткөргөн брифингде айрым автоинспекция кызматкерлеринин жогорудагыдай жоруктарын моюнга алып, мындан ары тартипсиздерге катуу чара көрүүлөөрүн билдирди. Ылайым эле ИИБ жетекчисинин тилеги кабылдап, үшкүрүгүн чала коюп, ...сомун ала коюп жан баккандардан эртерээк арылалычы.

А.БУРКАНОВ

*Шаарыбызга-30 кылым*

# ОШ: КЫЛЫМ СЫРЫН КАТКАН ТАРЫХ

Бул сөздүн түпкү мааниси кайдан келип чыккандыгы тууралуу азырынча эч ким билбейт. Ал турсун бүгүнкү күнгө чейин канчалаган окумуштуу-климпоздор да бир пикирге келише электиги бизди түркүн ойго салат. Бул аталыштын түпкү теги байыркы кылымдардын терең тамырында күтүлүп жатканын белгилөө зарыл болуп тургансыйт. Өзүнүн маңызына көптөгөн кылымдардын сырын тартып жаткан бул шаардын тарыхы—анын чок ортосунан орун алган атактуу байыркы Буура—Тоонун, кийинчерээк "Бара-Кухтун" (Сулуу-Тоо), азыркы Сулайман Тоонун аталыштары менен тыгыз байланышып тургансыйт.

" Ош" деген сөздүн этимологиясын изилдеп келгенде буга жакын түрк тилинин составындагы бир катар сөздөрдүн тизмесин келтирүүгө болот: Алардын бири—"Кош "деген сөз. Кайырлашып, бир жакка аттанып бара жатканда айтылат. Экинчиси—"хош-ш!"—бул сөз койду айдаганда айтылган сөз. үчүнчүсү —"Ош"! Кээде "Ош", "Өш" деп да "ө" тамгасы менен да айтылат.

→ 8-бет

## ОШ–3000

1-бет ⇨

Бул сөз кобүнчө уй, өгүз,торпок айдаганда колдонулат. Келтирилген үч маанидеги сөздордүн бардыгы кыргыз элинде көбүрөөк пайдаланылат жана бүгүнкү күнгө чейин бул сөздөр маанисин жогото элек.

Бизге тарыхтан бүгүнкү күндө белгилүү болгондой, азыркы Ош облусунун аймагында биздин заманга чейинки Ш—1 кылымдарда мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен оздорүнүн тиричилигин откорүп кочүп жүргөн байыркы пайда болот. Көлдүн четине нук жасап олтуруп, эми жетейин дегенде аска таштын катуулугунан кетмендин сабы сынат. Акыркы сынык сап кетмен менен үч жолу ыргыткан үч кетмен таштуу топурак ушул Оштун ортосуна дөбөлөнүп түшөт. Ошондо Даңгинин нугу менен көлдүн суусу өрөөндү көздой агат да азыркы Ак-Буура дарыясы, ал эми Дөө ыргыткан үч кетмен топурактан азыркы Сулайман тоосу пайда болот.

### 2-легенда

Бул экинчи легенда байыркы доорлордо ушул аймакта кочүп-конуп, тиричилигин жалаң мал чарбачылыгы менен кыргыз Сулайман өзүнүн жашаган жерин эң бир коoз тоону бекеринен тандап албаган экен. Мурунку бир замандарда бул тоо “Бара-Кух” (“Сулуу-Тоо”) деп аталып, шаарды алаканга салгандай төбөсүнөн карап турган .Анын чокусунан “дүйнөнүн чатыры” деп аталган эң бийик тоо системалары көрүнүп турат.

“Фергана өрөөнү Темир тоолоруна барып такалган жерде—бокалдагы сууга салынган муз сыяктуу болуп төрт чокулуу жашыл тоонун элеси көзгө урунат”—деп байыркы бир автор суктанып айткан экен.

дөөлөргө “Дарыянын боюнда тосуп турган тоону көтөрүп кеткиле да, суунун жолун ачкыла”-дейт. Дөөлөр ыйык Сулайман Пайгамбардын буйругун аткарышат жана ошондон бери Ош шаарында суу жетиштүү болот.

### “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ОШ

Өткөн ата-бабадан калып, оздон-оозго көчүп, замандарды арытып биздин күндөргө жетип келген жогорудагыдай легендалар Ош шаарынын ортосунда туруп

# ОШ: КЫЛЫМ СЫРЫН КАТКАН ТАРЫХ

элдердин бири—сактар усундар жашап келген. Бул уруулар бизге жеткен жазма эстеликтер боюнча Асман аттары менен даңкталып буудай, арпа, күрүч беде остүрүшүп, жемиш дарактарын асырап багышкан. Ошондой эле алар соода иштерин жүргүзүшүп, Батыш Чыгыш олколор менен байланыш түзүп турушкан. Бул байланыш кийинчерээк Улуу жибек жолуна айланган. Мындан биздин байыркы ата-бабаларыбыз ушул Фергана өрөөнүнүн тоо-талаасын ээлеп кочүп-конуп жашап келгенин билебиз.

Демек, мындан Ош шаарынын аталыш тарыхы байыркы кочмон уруулар сактардын усундардын, мал чарбачылыгына байланыштуу аталганын тануууга болбостур деген ойго келем. Албетте, бул менин жекече жазуучулук пикирим. Андай болгон соң кылымдарды аралап, биздин күнгө жетип келген Ош шаары, Сулайман тоосу жөнүндөгү легендаларга да көңүл буруп көрөлү. Ал легендалар кандай жагдайларды бизге айтып берээр экен?

өткөргөн элдин турмушунан кабар берет. Азыркы Ош шаары турган жер Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен Түштүктү бириктирип турган тогуз жолдун тоому, экинчиден, соода борбору болгондуктан, анын айланасында жашаган эл базарга өздөрүнүн малын айдап келишип, керектүү буюмдарга алмашып кетип турушкан.



### 4-легенда

XX кылымдын баш жагында Оренбург шаарында түрк тилинде чыгып турган “Вакт” (бизче—“убакыт”) аттуу газета Ош тууралуу мындай бир жөнөкөй элдик легенданы жарыялаган. Анда төмөнкүдөй кызыктуу болумуш баян кылынат. Фергана өрөөнүнүн чыгыш

калган Сулайман тоосунун табигый коoздугуна байланыштуу экендиги түшүнүктүү. Албетте, канчалык эл ичин аралап легендаларды чогулткан сайын жогорудагыдай болумуштар, божомолдор, жомоктор акындар тарабынан чыгарылган ыр саптары табыла берерине күмөнүбүз болбойт. “Эл ичи өнөр кенчи” деп бекеринен айтылып калбаса керек. Ош шаарынын аты улуу “Манас” эпосунан да кездешет. Жакынкы эле жылдарда белгилүү болгон Ала-Бука районунда X1X кылымдын аягында XX кылымдын башында өмүр сүрүп өткөн манасчы Кыдыралы Кайназар уулунун “Манастын Парикапага калаа курдурганы” ат[illegible] бөлүмөчөсүндө Ош шаары тууралу[illegible] кеңири сөз болот. Анын мазмуну мындай: Манас баатыр өз аскерлери менен Алтайдан Ала-Тоону көздөй жол жүрүп эчендеген бел ашып, адырма-адыр жол басып, жол басса да мол басып, Алай талааларын кыдырып, нечен аска белдерди кыдырып, эки дарыянын ортосу Кара-Кулжада аттарын тынныктырып оргүп жатышып, капкара кулжаларды атышып, эс алышат. Андан бери жөнөп жердин толтосу эки сууну чок ортосуна токтоп,


жагдайларды бизге айтып берээр экен?

# БАЙЫРКЫ ЛЕГЕНДАЛАР

## *1-легенда*

Байыркы учурда азыркы кыргыз тоолорунун кылда учуна тукумдай уюган моңгүлөр жай саратанда эрип, сансыз коктулардан агып түшкөн тунук суулар бир өзөнгө биригип агып келип, бүгүнкү Папандын ичине толкуган көлдү пайда кылган экен. Азыркы Даңгинин аска





таштары дарыя суусун бөгөп, ороонго өткөзбөй турат. Ошондо ороондо өз тиричилигин өткөзүп жаткан эл суунун тартыштыгын сезишип, улуу тоолордун койнунда уктап жаткан дөөгө "көлдүн суусун ороонду көздөй агызып бер" дешип ыйлап барышат. Анда Дөө "Менин кубатыма ылайык сабы сынбай турган кетмен ырастагыла"—дейт.

Дөөгө ылайыктуу кетменди табуу оңойго турбайт. Акыры эл жыйылып темир эритип, дөөгө бир зор кетмен куюп, узундугу 60 кез, айланасы 6 кучак келген Арстанбаптын чынарын саптап, Дөөнүн колуна беришет. Дөө эки бутун эки адырдын үстүнө коюп, азыркы Даңгинин нугунун турпагын чаап, өзүнөн алыс ыргытат. Кетмен менен чаап, ыргыткан жердин таш-топурагынан азыркы Аравандан бери созулуп жаткан Керме-Тоо

Мындай базар күндөрү ар тараптан өздөрүнүн уйларын, дыйканчылык үчүн өгүздөрүн айдап келишкен. Жергиликтүү адамдардын "ош! ош!" - деген үндөрү туш тараптан жаңырган. Ал эми базар тарагандан кийин да соодасы болбой калган, малын кайра айдап жөнөгөн адамдардын үндөрү ар жерден угулуп турган. Мындан тышкары тоо койнунда мал чарбачылыгы менен жашаган эл адыр—түздөрдө суу болбогондугуна байланыштуу дарыяга сугаруу үчүн малын күндө айдап келишкен. Дарыянын жээги жашаң болгондуктан малдын баары тосуу бербей суу бойлоп качканда аны айдаган малчылардын кайрадан эки эселеп чыккан үндөрү да "ош", "ош!" болгонун белгилөөгө болот. Демек, кечке жаңырып турган "Ош!". "Ош!" деген сөздөрдөн улам азыркы ыйык, байыркы Оштун аты аталып калышы мүмкүн—деген божомол элде жашайт.

## *3-легенда*

Дагы бир бизге жеткен айтым боюнча бир мезгилдердге мусулмандардын арасына Кудай тарабынан өкүл катары жерге жөнөтүлгөн Азрети Сулайман Пайгамбар отурукташып динге ишенгендерге адилеттиктин жолун жарыя кыла баштайт. Ал эми экинчи бир бизге жеткен легенда боюнча бул жерде Сулайман аттуу өтө эле жарды кыргыз адамы жашаган болот. Ал узак өмүр сүрөт да өзүнүн көпчүлүк убактысын тоонун башына чыгып алып, көпкө отуруу менен өткөрөт. Күндөрдүн өтүшү менен Сулайман төбөсүнө чыгып алып көпкө отурган тоо "Сулаймандын тагы" деп аталып кетет. Кандай болгон күндө да ал белгисиз, бирок, акылман легендарлуу

тарабында Ош шаары жайгашып, анын пайда болушу тууралуу жөнөкөй мындай бир легенда жашап келет. Шаар орношкон жер мурун айдоо жер болот. Бир жолу ошондой жазгы жер айдоо учурунда ноокастап калган өгүз турбай жатып калат. Ал эми өгүздү тургузууга аракеттенген анын ээси бардык үнү менен "Ош" "Ош!" деп айкырат. Түрк тилинде сүйлөгөн көпчүлүк элдер уй, өгүз сыяктуу үй жаныбарларын айдаганда ушинтип айкырат эмеспи. Ошентип ушундан улам бул аймактын аталышы "Ош" болуп калган экен.

## *5-легенда*

Ушул эле темада Сулаймандын кызыктуу легендасы бизге белгилүү. Ал өзүнүн аскерлеринин эң алдында соко чиркелген эки өгүздү алдыга алып айдап келген болот. Ал өгүздөр ушул атактуу тоого жеткенде Сулайман "Кош" (болду жетишет) деп айтат. Дал ушул айтылгандын негизинде шаардын аты аталып калат.

## *6-легенда*

СССР Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу институтунун Ленинград бөлүмүнүн кол жазмалар фондусунда сакталып турган "Ош шаары жөнүндө трактатта" Ошко келип шаарга суу берген Сулайман Пайгамбарым жөнүндө легенда келтирилет. Анда Оштун жашоочулары ыйык Сулайман пайгамбарыма келип кайрылышат. "Ош шаарында суу абдан аз жана бул абалдан кантип чыгуунун жолун билбей жатабыз"—дешет. Ыйык Сулайман

эс алышат. Андан бери жөнөп жердин толтосу эки сууну чок ортосуна токтоп, табийгаттарына суктанып, бул жер калаа боло турган жер экен деп—атын "Өзкент" (Өз шаар) атайт да азыркы Отуз-Адырды аралап Ошко келет. Ак-Буурага атын салып жибергенде дарыя Манасты аты менен 100 метрдей жерге сүрүп барат. Берки өйүзгө өтүп тоонун тумшугунан чыгат. Тоонун түбүндө Ошпур жылкысын жайып жүргөнүн көрөт. Кара чаар жолборс тоонун башынан түшүп келип байкоосуз тоо боорунда олтурган Ошпурду көздө умтулат. Ошондо Манас бакырып менен атырылып жетип келип



кылганда жолборс тоону көздөй качып жөнөйт. Ошпур эсен калат. Ошондо Манас:

Батыш жагы тоо экен
Чыгыш жагы суу экен
Эки жагын өмөлөп
Тосуп койсо чеп экен.—деп

Ошпурдун шаарына суктанат. Буурадай кирген суу экен—бул дарыя "Буура Суу" болсун, а бул чөгүп жаткан буурадай тоо экен—Буура Тоо болсун дейт. Ошол күндөн баштап бул калаа Ошпурдун шаары—Ош пирим болуп аталган экен.

К.ТАШБАЕВ,

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер